

# ЖЫЛДЫЗДАР БӨБӨКТӨРГӨ КИТЕП ОКУЙТ



РОЗА ОТУНБАЕВАНЫН ДЕМИЛГЕСИ
www.roza.kg

Балдарга китепти күнүнө 15 мүнөт окуйбуз
Читаем детям 15 минут в день

юнисеф
Балдар үчүн биригели!

**«Сиз балага китеп окуп бергенде, анын ынталуулугун машыктырасыз, сөз байлыгын өстүрөсүз жана китепке болгон сүйүүсүн пайда кыласыз».**

*Монсерат Рисо, балдар психологу*

**Кымбаттуу досум!**

Ушул чакан буклеттин барактары аркылуу сени менен сүйлөшүп жатканыма кубанычтамын. Менин атым Билимбек, андыктан сени китеп окуунун таң калыштуу дүйнөсүнө мени менен бирге сүңгүп кирүүнү сунуштаймын.

Сен, балким, тамга таанысың, балким, таанышбайт чыгаарсың, бирок мен сыяктуу сени жер үстүндөгү көптөгөн нерселер кызыктырат.

Маселен, мен ата-энелердин балдарга китеп окуп беришинин маанилүү экендигин мурда билген эмес элем. Чоң кишилер балдар менен бирге чогулган ар кандай балдар иш-чаралары бар, ал жерде каалагандардын бардыгы балдарга китеп окуп берет. Себеби балдар наристе кезинен тартып эле китеп окуганга кызыга баштайшат.

Бирок сен менин пикириме кошулбай, китеп окугандан тышкары кино, компьютер, интернет, балдар менен ойноо сыяктуу көптөгөн кызыктуу нерселер бар деп айтарсың. Тура, бирок соңку илимий маалыматтар көрсөткөндөй, китеп окусаң эс тутумуң жакшырат жана дүйнөгө болгон көз карашың кеңейет, сөз байлыгың өркүндөйт

Бул жагынан мен жолдуумун, мага ата-энем китеп окуп бергенди жакшы көрүшөт жана күн сайын китеп окуп бергенге аракет кылышат. Мага түнкүсүн китеп окуп беришкенде мен өзгөчө дүйнөгө аралашып, өзүмдү чыгармадагы каармандардын бири катары сезем. Ал эми күндүз болсо мен ал жомокторду коңшу балдарга айтып берүүгө ашыгып турам.

**Мен көп нерсеге кызыккандыктан бардык эле өлкөлөрдө чоң кишилер балдарга китеп окуп берерине же жоктугуна кызыктым?**

Ушинтип, мен, АКШда эл алдында китеп окуу абдан популярдуу экенин билдим. АКШнын президенти Барак Обама үй-бүлөсү менен Рождество майрамынын алдында балдарга жомок окуп берет. Америкада белгилүү адамдар

өздөрүнүн актердук чеберчилиги менен балдарга китеп окуп берип турушат экен[1].

Мисалы, 2003-2009 жылдарда Шотландияда белгилүү футболисттерди тартуу менен бирге «Жылдыздар китеп окуйт» долбоору ишке ашырылган, ал эми Чехияда, мурунку президент Вацлав Гавел, балдар жазуучулары жана жылдыздардын катышуусу менен эл алдына китеп окуу боюнча бир канча иш-чараларды өткөргөн. Белгилүү адамдар жакшы көргөн китептеринен үзүндү окуп беришкен, артистер моноспектакль түрүндө китептерден үзүндүлөрдү коюшкан. Балдарга көңүлдүү конкурстарды сунушташкан, жаңылмачтарды жатташкан. Эне тилдин көркөмдүгүн балдарга тартуулашкан.



«АКШнын президенти Обама Вирджиния штатындагы баштапгыч мектептин 2-классынын окуучуларына китеп окуп берип жатат»



«Лондондо китеп окуу фестивалынын учурунда британиялык жылдыздар балдарга китеп окуп берип жатышат»

**Китеп окуунун популярдуулугу жылдан-жылга артууда. Ар кандай өлкөлөрдө көптөгөн адамдар буга катышууда. Досум, булар тууралуу сен кабардар белең?**

Көптөгөн шаарларда жана өлкөлөрдө китеп окууну жайылтууга багытталган долбоорлор ишке ашырылып жана кыймылдар түзүлүүдө. Мисалы, «Бүткүл Польшада балдарга китеп окуп беришет» деген кыймыл 2000-жылдын башталышында Польшада пайда болуу менен бүгүнкү күндө Европанын башка өлкөлөрүндө да балдарга үн чыгарып китеп окуп берүүгө көңүл бурулууда. Ал эми Улуу Британиянын борбору Лондондо жыл сайын «Get London Reading» китеп окуу фестивалы өткөрүлүп турат. Кыргызстанда да, бир нече жылдан бери бул темага арналган иш-чаралар ийгиликтүү түрдө өткөрүлө баштады.

## Кыргызстанда «Жылдыздар бөбөктөргө китеп окуйт».



*Кыргыз Республикасынын эл артисткасы Жамал Сейдакматова*

2013 жылдын май айында бир жолу атам менен апам мени Бишкек шаарындагы Ала-Тоо аянтына алып келишти, аянтта балдарга арналган бир топ кызыктуу иш-чаралар болуп жаткан экен. Көрсө, ал жерде «Роза Отунбаеванын демилгеси». Эл аралык коомдук фонду уюштурган Кыргызстандагы биринчи жолку билим фестивалы өтүп жатыптыр. Ошол күнү балдар, ата-энелер үчүн кызыктуу жана маалымат арттыруучу көп нерселер болду: мастер-класстар, бийлер, мелдештер, презентациялар, кеңеш берүүлөр жана башка. «Жылдыздар бөбөктөргө китеп окуйт» акциясы мага өзгөчө жакты. Ал күнү Кыргызстандын белгилүү инсандары келип, балдарга жаккан чыгарманы үн чыгарып окуп беришти. Алар китеп окуп берип гана тим болостон, ошондой эле ырдап, бийлеп жана балдар менен бирге ойношту. Ал күн мен үчүн эсте калаарлык күн болду! Мен китеп окуп бергенди гана укпастан, окулган китептен үзүндү айтып берип жана китептин каармандары жөнүндө жылдыздардын суроолоруна да жооп бердим!

Мен Кичинекей принц жана анын кызыктуу окуялары жөнүндө билдим, Золушка тууралуу жомокту уктум, Чыпалак менен жана күлкүлүү, бирок акылдуу Апендинин жоруктары менен тааныштым.

Билим фестивалы учурунда балдарга өлкөдөгү белгилүү адамдар – саясатчылар, ырчылар жана артисттер гана китеп окуп бербестен, ал күнү ата-энелер балдары менен бирге бул иш-чарага катышышты. Эң сонун




*КР вице-премьер-министри ЭльвираСариева*

болду! Ошол күндөн тартып ал акцияны бардык жерде өткөрө башташты: музейде, балдар ооруканасында, бала бакчаларда, андан тышкары биздин өлкөбүздүн аймактарындагы китепканаларда, бул жерлерде белгилүү адамдар балдарга китеп окуп беришет жана кенже курактагы балдарга китеп окуп берүүнү адатка айландырууну максат кылып коюшкан.

Ошондо мен чоң кишилер балдарга төрөлгөн күндөн тартып эле үн чыгарып китеп окуп берүүгө тийиш экенин билдим, анткени баланын мээси төрөлгөн биринчи жумада, алгачкы айларда эле тил




*Билим берүү боюнча эксперт Асылбек Жоодонбеков*
*2 - Билим фестивалында балдарга китеп окуп берүүдө*

аркылуу айтылган үндү кабыл алат жана ошол өмүрүнүн алгачкы жылдары ичинде балдардын мээси тилдик таасир көрсөтүүгө туш болот экен. Үн чыгарып китеп окуу өтө назик, керемет жана туура тилдин үлгүсү болуп саналат. Ал эми ар бир өлкөнүн тили үн чыгаруу жана өзүнүн назик касиети менен өтө таңкалычтуу!




*«Азия Микс» командасынын лидери Элдияр Кененсаров*

Биздин ата-энелер биз чоңойгондо жана бойго жеткенде да күн сайын китеп окуп бериши маанилүү, анткени китеп окуу ортобуздагы байланышты жана өз ара түшүнүшүүнү да чыңдайт.

**Көрсө, балдарга күн сайын,**
**жок дегенде 15 мүнөт китеп окуп берүү өтө пайдалуу экен!**

# Кыргызстанда «Жылдыздар бөбөктөргө китеп окуйт».

**Китеп окуу жөнүндө көп сөз кылышкандыктан жана көп жазышкандыктан, мен китеп окуунун маанилүүлүгү жөнүндө кыргызстандыктардан пикир суроону эп көрдүм, мына, алар мындай деп жооп беришти:**



*КТРКнын журналисти Салтанат Саматова Суусамырдагы жайлоо бала бакчасында китеп окууда*

«Бала өнүгүшү үчүн милдеттүү түрдө китеп окуп берүү, аны китеп окуганга көнүктүрүү керек. Анын пайдалуу жактары тууралуу айтып, көрсөтүү зарыл. Мына ушундай учурда гана натыйжа болот».

***Салтанат Саматова,***
***теле алып баруучу.***

«Уктаардын алдында балдарга китеп окуп берүү балдардын элестетүү жөндөмүнө жакшы таасир тийгизип, ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт».

***Эрмек Нурбаев,***
***«Тамашоунун» алып баруучусу.***

««Пеппи – узун байпак» – кичинекей кыздар үчүн өтө кызыктуу китеп. Мен Айгеримге ал экиге чыккандан тартып кызыктуу сары кыз жөнүндө китеп окуп берген элем. Кызым азыр чоңоюп, Астрид Линдгрендин китебиндеги башкы каармандын өзүндөй акыл-эстүү, абийирдүү жана кең пейил кыз болуп өстү»

***Жибек Койчукулова,***
***«Роза Отунбаеванын демилгеси» фондунун аткаруучу директору***

«Ким китеп окуса – анын достору көп болот. Китептен өзүңдү табасың. Китептен эмне



*КР экс-президенти Роза Отунбаева жана АКШнын Кыргызстандагы Элчиси Памела Спратлен Суусамыр өрөөнүндө*

«жакшы» жана эмне «жаман» экендигин билесиң. Китепти көп сатып алып, окуй бергиле!»

***Элмира Каримова,***
***«Шамбала» балдарды өнүктүрүү борборунун директору***

«Мен беш жашымдан тартып китеп окуй баштагам. Достоевский жана Пушкин менин эң жакшы көргөн жазуучуларым. Алар мен кичинемден эле китеп окуганды жакшы көргөндүгүмдөн дүйнөнү аңдап-билишиме күчтүү таасир калтырды, мен түнкүсүн ата-энемен жашырынып, мени тилдебесин деп, төшөктү жамынып алып китеп окуур элем».

***Марат Амираев,***
***театрдын жана кинонун актеру***



*Жайлоодогу көчмө китеп дүкөнү*



*Суусамырдагы Манас районунун жайлоо бала бакчасы*

«Мен советтик мыкты китептерди окуганды жакшы көрөм, ал китептерде көрал-бастык, ич тардык жана зордук-зомбулуктар жок. Балага оң таасир тийгизген китептерден өткөн нерсе жок жана алардын келечекте өтө пайдасы тийет».

***Гүлжигит Калыков,***
***ырчы***

«Мен Роберт Киосаки жана Дейл Карнеги сыяктуу авторлордун жүйөлүү китептерин окуганды жактырам. Андыктан «Жылдыздар бөбөктөргө китеп окуйт» акциясына катышкым келет, себеби балдар – көп нерсеге кызыккан публика болуп саналат».

***Омар,***
***ырчы***

**Силер билесиңерби:**

– Кыргызстанда 1060 тан ашык жергиликтүү китепкана бар, алардын катарында Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасы, К. Баялинов атындагы балдар китепканасы, Улуттук илимдер академиясынын борбордук китепканасы, Борбордук медициналык илимий китепкана жана башкалар.

– Кыргызстанда биринчи жеткиликтүү китепкана 1902 жылы 27 майда ачылган. Ушул күндүн урматына 27-май Кыргызстанда китепканалар күнү болуп жарыяланган.

– Кыргызстандагы эң чоң китепкана – Бишкек шаарындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасы. Китепкананын фонду 6 миллиондон ашык китептен турат. Анда сейрек басмалардын бөлүмү да бар, бул бөлүмгө бардык каалочулар кире алат. Окурман билетин алгандар китепти 3 күндүк мөөнөткө үйгө ала алышат.

– Дүйнөдөгү эң узун эпос – бул «Манас» эпосу.

– 2011-жылы биринчи окуу китеби «Алиппенин» жарыкка чыкканына 100 жыл толгон.

– Кыргыз тилинде чыккан биринчи балдар китеби бул – илимпоз агартуучу Ишеналы Арабаевдин «Элиппе якки тётё» китеби, ал араб ариби менен 1924 жылы жазылган.

– Азыркы күндө Кыргызстанда 600 жазуучу бар, алардын ичинен он беши балдар жазуучулары.

– Жыл сайын дүйнө жүзүндө миллионго жакын китеп чыгарылат, баарынан көп АКШда жана Улуу Британияда чыгарылат.

– Индия, Тайланд жана Кытай өлкөлөрүнүн тургундары китепти баарынан көп окуйт[2].

– Наполеон бир мүнөттө 2000 сөздү тездик менен окуй алган, бул күнүнө 25 орточо китеп дегендик!

– Жер жүзүдө 569 миңден ашык китепкана бар. Баарынан көп Европа өлкөлөрүндө, аз санда Африкада.

– Дүйнөдөгү эң чоң китепкана – АКШ Конгрессинин китепканасы. Ал 1800-жылы АКШнын Президенти Д. Джефферсондун

сунушу боюнча негизделген. Гезиттерди, кол жазмаларды, сүрөттөрдү, үн жазмаларды, микрофильмдерди (тасма) жана көптөгөн башкаларды эсепке албаганда, китепкана 23 миллиондон ашуун китепти камтыйт. Китепканада иштегендердин саны үч миңден ашат.

– Эң узун өмүр баян – Улуу Британиянын премьер-министри Уинстон Черчиллдин (1940-45 жылдар) өмүр таржымалы. Бул эмгеги үчүн Черчилл Нобел сыйлыгына ээ болгон. 2002 жылда жүргүзүлгөн сурамжылоо боюнча ал тарыхтагы улуу британдык болуп аталган.

– Жыл сайын 2-апрелде улуу жомокчу Ханс Кристиан Андерсендин туулган күнүндө бардык өлкөлөрдө эл аралык балдар китебинин күнү белгиленет. Ханс Андерсен «Гадкий утенок» (Түрү суук өрдөк), «Новое платье короля» (Падышанын жаңы көйнөгү), «Принцесса на горошине» (Ханзаада жана буурчак) аттуу жана башка көптөгөн белгилүү жомокторду жазган. Жазуучу бала чагынан китеп окуганды абдан жакшы көргөн, ал бош убактысынын бардыгын китептерге арнаган.

**Китеп окуган төмөнкүлөргө таасирин тийгизет:**

– Ата-эне менен баланын ортосундагы мамилени бекемдейт.
– Көз караштты курчутат
– Башка адамдардын тарткан кыйынчылыктарын тең бөлүшүүнү өнүктүрөт
– Балдарды туугандар менен карым-катышка үйрөтөт
– Бош убакытты жагымдуу жана пайдалуу өткөрүүгө жардам берет
– Акыл-эсти жакшы сактоо үчүн мыкты көнүгүү болуп саналат[3].

**Балдарга кантип китеп окуганды адатка алдыруу болот:**

– Баланын жанына отуруп, анын ыңгайлуу отуруусуна мүмкүнчүлүк берүү.
– Китепти шыктануу менен окуу, каармандарды туураганда үнүңүздүн тембрин өзгөртүү. Ымдоо менен жаңдоону унутпоо. Ошондо бала болуп жаткан окуяны толугу менен элестете алат.
– Балага сүрөттөрдү кароого убакыт берүү.
– Окууну токтотууга туура келсе да, баланын баардык суроолоруна жооп берүү.
– Китеп окуу учурунда балага китептеги каармандар жана окуялар жөнүндө суроолорду берүү пайдалуу.

– Бала окуганды үйрөнгөндөн мурда да, аны тамгалар жана сөздөр менен тааныштыруу.
– Тааныш чыгарманы анда-санда өзгөртүү: аягын өзгөртүп айтып берүү, же болбосо чыгарманын аягын чогуу ойлоп табуу.
– Абдан кызыктуу жерине келгенде китепти окуганды токтотсоңуз, балаңыз кийинки окуп берүүңүздү чыдамсыздык менен күтөт.
– Билбеген сөздөрдү түшүндүрүп берүү[4].
– Окуп жатып жөнөкөй сөздөрдү чет тилге которсо болот. Ушинтип сиз баланын көңүлүн гана ойготпостон, чет тилди да үйрөтөсүз.

**Билимбек балдарга эмнени окууга кеңеш берет:**

– Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнүн эл жомоктору. Бул китептер балдарды башка калктардын маданияты, салттары жана үрп адаттары менен тааныштырат.
– Баардык муундардагыларга жагымдуу болгон салттуу жомоктор
– Баланын бардык суроолоруна жооп ала турган энциклопедиялар
– Жаныбарлар жана өсүмдүктөр жөнүндө аңгемелер, булар окурмандарды айлана-чөйрөдөгү баалуулуктарга карата ой жорумдун, мамиленин баалулуктарын калыптануусуна түрткү болот.
– Жакшы иштерди кылууга, ар нерселерди үйрөнүүгө ж.б. шыктандыруучу китептер.
– Балдарга эне тилинин аңдоосуна түрткү болгон китептер.
– Баланын көркөм табитинин калыптанышына жардамчы боло турган китептер (сүрөт менен жабдылган адабияттар)
– Кыска ырлар
– Табышмактар
– Электрондук китептер
– Укмуштуу окуяларга, кызыктуу баяндар менен коштолгон чыгармалар. Ушундай китептер көбүнчө бөбөктөргө абдан жагат.
– Китептин барактарында кайрадан тирилген каармандар тууралуу үч өлчөмдүү сүрөттөр да балдарды кызыктырбай койбойт.
Ушул чыгармаларды жазган жазуучулар жөнүндө айтып берсеңиз да пайдалуу болот.

**Балдардын ушул мыкты китептери, Сиздин балаңызга жана Өзүңүзгө сөзсүз жагат.**

**БУЛАКТАР:**

1] «Сара Чок балдарга китеп окуп берүүдө»
http://scrubsfan.ru/elliot/sara-chok-chitaet-detyam.html
2] «Дүйнөдөгү эң көп китеп окуган өлкөлөр»
http://library.d3.ru/comments/543711/
3] «Китеп окуунун пайдасы жөнүндө 10 факт»
http://biblpoipkro.weebly.com/10-10921072108210901086 1074.html
4] Монсерат Рисо, «Наристенин алгачкы ийгиликтери», 2007-ж.

Басылма «Кенже курактагы балдар үчүн китеп окууну алга илгерилетүү» долбоорунун алкагында басып чыгарылган. Долбоор, 0-7 жашка чейинки балдардын билим алуусун жана үй-бүлөлүк окуунун формаларын, ыкмаларын жайылтууну көздөйт. Ата-энелердин жана жергиликтүү коомчулуктардын мүмкүнчүлүктөрүн жеңилдетүүгө арналат.

Долбоор «Роза Отунбаеванын демилгеси» эл аралык коомдук фондунун, Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасынын, Билим Демилгелерин Колдоо Фондунун жана Кыргыз Республикасындагы БУУнун Балдар фондунун (ЮНИСЕФ) өнөктөштүгү жана финансылык колдоосу аркылуу ишке ашырылууда.

Телефон: 996 312 660368
Факс: 996 312 660382
office@roza.kg
www.roza.kg

Телефон: 996 312 611211
Факс: 996 312 611224
bishkek@unicef.org
www.unicef.org